**УДК: 316.3**

**БАКТЫБЕКОВА А.Б.**
*Ж. Баласагын атындагы КУУ*
**Baktybekova A.B.**
*J.Balasagyn KNU*
aiperizatka@mail.ru

# ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН ЧЫГАРМАСЫНДАГЫ ПАРАКОРЛУК МАСЕЛЕСИНИН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

## Коррупция в произведениях Жусупа Баласагына

## Corruption in the work of Jusup Balasagyn

***Аннотация:*** *макалада Жусуп Баласагындын XII кылымда жазылган «Кут алчу билим» чыгармасынын негизинде «пара» түшүнүгү, коррупциянын жайылуу чөйрөсү жана мүнөзү каралды.*

***Аннотация:****В статье были рассмотрены понятие «взятка», сфера распространение и характеристика коррупции на основе произведения Жусупа Баласагына «Кут алчу билим».*

***Annotation:*** *In the article there were considered the concept of "bribe", field distribution and characteristic of corruption based on the Zhusup Balasagyn's work "Kut alchu Bilim".*

*The article examined the concept of "bribe", field distribution and characteristic of corruption based on the work of Zhusup Balasagyn "the hunger Kut Bilim".*

***Негизги сөздөр:*** *паракорчулук; пара; коррупция; Күнтууду;Айтолду; Акдилмиш; Өткүрмүш; «аккарга»*

***Ключевые слова:*** *взяточничество; взятка; коррупция; Кунтууду; Айтолду; Акдилмиш; Откурмуш; «белая ворона»*

***Keywords****: bribery; bribe; corruption; Kuntuudu; Aitoldu; Aktilmish; Otkurmush; "white crow".*

***Паракорчулук*** — бул кызмат адамдарынын ага мыйзам боюнча берилген бийлик укуктарын, мүмкүнчүлүктөрүн өз кызыкчылыктары же өз жакындары үчүн пайдаланган укукка жат кылмыштуу аракеттер же аракетсиздик деп айтып эле келе жатабыз.

«Коррупция латын тилинен келип чыккан сөз. Орусча порча, подкуп деп которулуптур. Порча деген бузуу, иштен чыгаруу, жараксыздандыруу деген маанини, ал эми подкуп болсо акчага сатып алуучулукту түшүндүрөт. Кыргыздар муну паракор деп коюшат. Паракорлорго мамлекеттик жана коомдук уюмдардын кызматкерлери, саясатчылар көп кириптер болушат[1] »,- дейт философия илиминин доктору К.И. Исаев.

Бул боюнча Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» чыгармасында: «бүткөн ишти бүлүндүрүп пара бузат, пара болсо  ак ишти арам кылат[2]»,-
деп чечмелейт. Демек, адеп-ахлак жагынан караганда, анда паракордук - абийирди сатуу, жүрөктү каралоо, адамдагы сапаттык «ак» баалуулуктарга, принциптерге каршы чыгуу дегенди түшүндүрөт.

«Бардык жерде жакшылык өнсүн десең, Эң алгач өзүң таза болсоң экен[3]»,- деп, мындан 10 кылым илгери эле азыркы эң актуалдуу маселенин бири болгон таза, ак иштөөнү биринчи орунга коюп жашап өткөн Жусуп Баласагындан бизге мураска калган жалгыз чыгармасы «Кутадгу билиг» же болбосо «Кут алчуу билим» тууралуу сөз кылалы. Жусуп бул эмгегин 54 жашында жазып бүтүргөн. Ал поэмасын Баласагын шаарында баштап, 1067-1070-жылдар арасында Кашкарда аяктаган. Кол жазмаларда бул чыгарманы баш аягы 18 айда бүтүргөнүн белгилей кеткен. Жусуп бул китебин Кашкар шаарынын башкаруучусу Тавгач Буура Карахан Абу-Али-Хасанга тартуу кылган. Тавгач Буура Карахан алкыш иретинде акынга «Улуг-Хасс-Хажиб» деген наам берген. «Улуг-Хасс-Хажиб» хан ордосунда кызмат өтөгөн өтө кадырман адам дегенди билдирген.

82 бөлүм 6645 ыр сабынан турган «Кутадгу билиг» эмгеги түрк тилинде жазылган эң алгачкы дидактикалык, адеп-ахлактык жана философиялык дастан болуп эсептелет. Бул туурасында Жусуп Баласагын өзү да дастандын кириш бөлүмүндө: «Китепти окуй турган

1 Известие ВУЗов. №1, 2011. Бишкек 2011. 251-бет.
2 Ж. Баласагын. «Куттуу билим» байыркы түрк тилинен котор. Т.Козубеков; Бишкек 2011.206-бет.
3 Ж. Баласагын. «Куттуу билим» байыркы түрк тилинен котор. Т.Козубеков; Бишкек 2011. 386-бет.

окурманым, Көркүнө түрк сөзүнүн нак тунарсың. Китеп көп арап, тажик тилдеринде, Бул китеп эң биринчи биздин тилде» - деп баса көрсөткөн. Чыгармада Енисей-Орхон руник жазууларында кездешкен эски түркчө сөздөр байма-бай учурайт.

Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» чыгармасында ошол доордогу адеп-ахлак нормалардын туу чокусун, идеяларды тарых, маданият жана дин менен салыштырып өзүнүн ой-толгоолорун билдирген.

Чыгарманын этикалык мазмунун негизги төрт түшүнүк: адилеттик, дөөлөт, акыл-эс жана каниеттик түзөт. Бул түшүнүктөр конкреттүү каармандардын образдары аркылуу берилген. Күнтууду - адилеттүүлүктүн, Айтолду - дөөлөттүн, Акдилмиш - акылдын, Өткүрмүш - ынсаптуулуктун символу.

Бул дастандын берейин деген эң негизги идеясы - мамлекет менен калк арасындагы мамиленин, ортодогу тең салмактуулуктун сакталышын көрсөтүү. Мамлекеттин башындагы адамдар элдин жыргалчылыгын арттырууда жан дили, ак ниети менен эл үчүн үзүрлүү эмгектенип, уюштургуч, таза, чынчыл, акылдуу, билимдүү, ыймандуу, адилет, калыс, ынсаптуу болууга тийиш. Бектикке ылайыктуу бектер кандай болуш керек экендиги тууралуу Акдилмиштин Ээликке берген жообунда мындай дейт: «Ач көз болбо, абийирди бийик карма, Сөздө, иште адилет болгун жанга!».[4]
Ал эми чыныгы идеалдуу бектердин аткарган иши төмөнкүдөй идеологияга шайма-шай келиши керек: «Ар ишиң жакшылыкты жетелесин, Ак мыйзам, абийир, чындык көкөлөсүн. Эгерде туура бийлик кылам десең,- Тартип чындоо — биринчи милдет де сен».[5] Мында, мамлекеттин мотору мыйзам экендиги көрсөтүлгөн: ал жараксыз же ары-бери бурмалоого боло бере турган нерсе эмес.

Жусуп Баласагындын чыгармасындагы «Иттерге башчы болсо баатыр арстан, Иттер да арстан болот андан ашкан. Арстандарга ит башчы болор замат, арстандар итке айланат арсылдашкан![6]»,-деп таамай айтканы бар.

Паракорчулук Кыргыз Республикасынын «Коррупция менен күрөшүү жөнүндөгү» мыйзамында бир эле кылмыш эмес, социалдык жат көрүнүш катары да аныкталган. Ал эми кылмыш катары Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 303-статьясында «Коррупция - материалдык, ар кандай башка дөөлөттөрдү жана артыкчылыктарды жеке адамдарга жана юридикалык жактарга берүү максатында бийлик ыйгарым укугуна ээ болгон <u>бир же бир нече кызмат адамынын</u> айрым адамдар же топтор менен <u>туруктуу байланышын билдирген, коомдун жана мамлекеттин таламдарына коркунуч келтирген атайын</u> жасалган жосундар» - деп белгиленген. Ал өзгөчө оор кылмыш болуп эсептелип, кызматтык кылмыштарга кирет. Жазасынын мөөнөтү сегиз жылдан жыйырма жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу каралган.[7]

Өлкө эгемендүүлүк алган жылдардан бери эле коррупция бар экени, ал гана эмес «коррупция Ак үйдүн 7-кабатына чейин жеткени» тунгуч президент А. Акаев айтып, кийинки президент Алмазбек Атамбаев айтмакчы, майда-барат пара алгандар гана кармалды аталып, калгандары көмүскөдө калып келет.

Швед саясат таанууучусу Йохан Энгвалл Кыргызстандагы коррупция боюнча доктордук диссертация жазганга да жетишти. Ал «Кыргызстандагы коррупция мамлекеттин көйгөйлөрүнүн бири эмес, коррупция мамлекеттин өзү, башкача айтканда, мамлекеттик башкаруунун жолу[8]» экенин айтып чыкты. Йохан Энгвалл Кыргызстандагы кырдаалды 6 жыл иликтеген. 6 жылдын ичинде жогорудагыдай тыянак чыгарылса, Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан берки 20 жылда коррупция кулачын жайып, күч алганы жашыруун эмес.

Ал гана эмес Йохан Энгвалддын Кыргызстандагы кырдаалды 6 жыл изилдеген эмгегин «ачуу чындык, бирок, акыйкат[9] » экендигин өлкө башчыбыз Алмазбек Атамбаев таамай белгилеген.

Дастанда ошол доордогу «мамлекеттик кызматтардын» тизмелерине кандай кадрлар керек жана алар жасаган жумушунун сапаты тууралуу темирдей мыйзамдарды көрсөтүп кеткен. Мисалы: Акдилмиш Ээликке увазирликке жарактуу адамдын кандай болушу керектигин төмөнкүдөй дейт: «Кызматкер көңүлү ак, чынчыл болсун, Ошондойду бек тандап ишке койсун.

---

4 Ж. Баласагын. «Куттуу билим» байыркы түрк тилинен котор. Т.Козубеков; Бишкек 2011. 178-бет.
5 Ж. Баласагын. «Куттуу билим» байыркы түрк тилинен котор. Т.Козубеков; Бишкек 2011. 180-бет.
6 Ж. Баласагын. «Куттуу билим» байыркы түрк тилинен котор. Т.Козубеков; Бишкек 2011. 181-бет.
7 А.Бекназаров: «Унчукпай коюуга укугум жок!» Бишкек 2012.
8 Й. Энгвалл: «Государство как инвестиционный рынок: Осмысление коррупции в Кыргызстане». Монография. Бишкек 2013.
9 Й. Энгвалл: «Государство как инвестиционный рынок: Осмысление коррупции в Кыргызстане». Монография. Бишкек 2013.

Кыңк этпей кызмат кылуу жагын билсин, Ак болсун, так аткарсын өз милдетин! Увазири начарбы — эл бузулат, Байлар зордоп кедейлери ыйлап турат».[10]

Акдилмиш Ээликке аскер башы - Өзүндө болсун курал, тону, бир ат, Даңк жолуна ушулар алып барат. Байлыкты уул - кызга жыйнабасын, Үй-жайым, бак-шагым деп буйдалбасын.[11]Бул саптарда аскер башына жетишээрлик тамагы, жумушчу каражаттары, транспорту жана баш калкалоочу үйү болсун деп жатат. Ал эми азыр айрым мамлекеттик кызматкерлерибиз үчүн Ж. Баласагын атабыз жетишээрлик деп көрсөтүп жаткан материалдык каражаттарга гана ээ болуу — чоң уят.

Акдилмиш Ээликке улуу хажибдик кызматка кимдер татыктуу боло ала тургандыгын мындайча айтат: «Ток пейилдер параны албайт сурап,

Хажиби пара алса — бекке уят. Хажибиң бегин угуп, урмат кылсын,

Экинчи — өз напсисин өзү тыйсын. Үчүнчүдөн — ал өзүн кармай билсин, Орду менен ар сөзүн жалгай билсин. Жүгүнсө да параларды албасын,

Жакшыларды өз бегине тандасын».[12] Бүгүнкү күндө коррупция боюнча негизги маселе - мамлекеттик кадр саясатындагы жек-жаатчылыкта, анткени өкмөттөгү атка минерлер мамлекеттик кызматка өз жакындарын, досторун же тарапташтарын дайындашат. Бул ушунчалык терең жайылып кеткендиктен коррупция менен күрөш үчүн кардиналдуу реформалар зарыл.

Бакиев жана 2005-жылы бийликтен кулатылган андан мурунку президент Аскар Акаев өздөрүнүн үй-бүлө мүчөлөрүн негизги мамлекеттик орундарга дайындап келишкен. Дагы башкалар «тууганчылык паракордукка караганда бери жактагы эле маселе» деп эсептешет. «Кайсы бир мамлекеттик кызматты ээлеш үчүн адатта кимдир-бирөөгө акча бериш керек», - деп тастыктайт Кыргызстандын коррупциясы жөнүндөгү өз баяндамасында Джон Хопкинс университетинин «Жибек жолу»
программасы боюнча Борбор Азия жана Кавказ институтунун изилдөөчүсү, лектор Йохан Энгвалл. «Кызматка жана наамга өзүнүн билими, жетишкендиги, кесиптик кадыр-баркы жана саясий чеберчилиги менен жетүүнүн ордуна алар аны сатып алышат[13]», -деп жатпайбы. Бирок, «кыргызчылык» деген принцип бизде жок болчу, тескерисинче туура бийде тууган жок, тууганду бийде ыйманжок принциби бар эмес беле?

Элчи кандай болуш керек экендигин Ж. Баласагын мындай айтат: «Ач көз адам напсисин башкара албайт, Ачкөздөр элчиликке түк жарабайт».[14]

Катчыларга болсо төмөнкүдөй баа берет: «Алтынга азгырылгыч болсо эгер, бекти да, өзүн дагы жеди дей бер».[15]

Казыначы «Адал менен арамды айрып билсин, Жакшы менен жаманды тааный жүрсүн».[16]

Коррупцияны оолдуктайбыз деп мамлекеттик кызматкерлердин кирешесин ачыктай турган декларация тапшыруу тажрыйбасы киргизилген.
Бирок, декларациялык маалыматтарга карапайым калк канааттанган жок. Бай дегени «байкуш» болуп турса, ким ишенет? Темир Сариев (Мурунку премьер министр) мамлекеттик кызматкерлердин кирешесин гана эмес,чыгашасын да ачыкташ керек деп сунуштаган. Ал айрым атка минерлердин чыгашасы кирешесинен жүз, миң эсе көп экенин белгилейт. Ар кимдин наамына мүлк алган атка минерлердин чыгашасы такталабы же жокпу, ал да бүдөмүк бойдон калууда...

«Кут алчу билимде» бир гана мамлекет башчылары эмес, ошону менен эле катар карапайым калк да бийлик башындагы адамдарды урматтоо менен өздөрүнүн ишин, кесиптерин мыкты билген, элге кызмат кылган адилет, ынсаптуу, чынчыл, ыймандуу, калыс болушу зарыл. Мамлекетти башкаруучулар менен элдин мамилеси жылуу, ишеничтүү, калыс болгон учурда мамлекет оңолуп, элдин турмушу жакшырааары айныгыс чындык болуп саналат. Мына ушул даанышмандык ой, асыл идея «Кутадгу билиг» дастанында толук түрдө жүзөгө ашкан жана жогорку көркөмдүктө сүрөттөлгөн.

---

10 Ж. Баласагын. «Куттуу билим» байыркы түрк тилинен котор. Т.Козубеков; Бишкек 2011. 193-бет.

11 Ж. Баласагын. «Куттуу билим» байыркы түрк тилинен котор. Т.Козубеков; Бишкек 2011. 195-бет.

12 Ж. Баласагын. «Куттуу билим» байыркы түрк тилинен котор. Т.Козубеков; Бишкек 2011. 210-бет.

13 Й. Энгвалл: «Государство как инвестиционный рынок: Осмысление коррупции в Кыргызстане». Монография. Бишкек 2013.

14 Ж. Баласагын. «Куттуу билим» байыркы түрк тилинен котор. Т.Козубеков; Бишкек 2011. 217-бет.

15 Ж. Баласагын. «Куттуу билим» байыркы түрк тилинен котор. Т.Козубеков; Бишкек 2011. 224-бет.

16 Ж. Баласагын. «Куттуу билим» байыркы түрк тилинен котор. Т.Козубеков; Бишкек 2011. 226-бет.

Ар кимдерди күнөлөөрдөн мурда «мен ак болсом, сен ак болсоң, коом таза болот»,  деген Исхак Раззаковдун уюткулуу сөзүн айткым келип турат. Пара албагандарды «ак карга» катары көрүүнү токтотуп, паракордуктун курмандыгына карапайым калк жана мамлекеттик казына (Мисалы, кээ бир учурда коррупция эки тарапка тең ыңгайлуу, бул учурда коррупциянын курмандыгы - мамлекеттик казына) экендигин сезүү керек, ошондо бизде өсүү болот.

«Жылан, курттун жемисиң  семирбе көп, Эртең кетер коноксуң, элирбе көп!»[17]

**Адабияттар:**


1. А.Бекназаров: «Унчукпай коюуга укугум жок!» Бишкек 2012.
2. Й. Энгвалл: «Государство как инвестиционный рынок: Осмысление коррупции в Кыргызстане». Монография. Бишкек 2013.
3. Ж. Баласагын. «Куттуу билим» байыркы түрк тилинен котор. Т.Козубеков; Бишкек 2011.
4. Известие ВУЗов. №1, 2011. Бишкек 2011.


17 Ж. Баласагын. «Куттуу билим» байыркы түрк тилинен котор. Т.Козубеков; Бишкек 2011. 428-бет.